**Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын «Кыргыз Республикасындагы нотариустун укуктук макамы» аттуу темадагы 12.00.02 - конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий жетекчисинин**

## ПИКИРИ

Изденүүчү Оморова Гүлзат Сатыбалдыевнанын диссертациялык изилдөөсү актуалдуу темага арналган. Жумушта биринчи жолу нотариустун укуктук макамынын аныктамасы бүгүнкү укуктук тутумунун түзүмүндө анын функцияларын талдоонун негизинде берилет. Укук коргоо жана башка мамлекеттик органдары менен байланышкан нотариалдык ишмердигиндеги субъекттердин укуктук макамынын көйгөйлөрүнө изденүүчү тарабынан өзгөчө көңүл бурулат. Нотариус мыйзамда каралган бардык нотариалдык иш-аракеттерди жасоого укуктуу. Нотариалдык иш-аракеттер нотариус тарабынан бардык жеке жана юридикалык жактар үчүн жасалышы мүмкүн.

Г.С. Оморованын диссертациясы Кыргыз Республикасында нотариатты өнүктүрүү маселелеринде жаңы конкреттүү чечимдерди жана милдеттерди камтыган өз алдынча илимий изилдөө иши болуп эсептелет.

Диссертациялык иште изденүүчү нотариустун укуктук макамына талдоо жүргүзөт, нотариустардын ишин жөнгө салуучу мамлекеттик бийлик органдарынын тажрыйбасын жалпылайт, нотариат иш-аракетин жүргүзүү жаатында мыйзамда каралган уюштуруучулук маселесин изилдейт жана бул институтту өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгат.

Диссертациялык иштин алкагында жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары: теориялык сунуштар, практикалык сунуштамалар, нотариат системасынын конституциялык-укуктук негиздерин ишке ашыруу үчүн конституциялык мыйзамдарга өзгөртүү киргизүүдө, нотариат ишмердиги боюнча тиешелүү окуу программаларын иштеп чыгууда колдонууга алынып, теориялык маанилүүлүгү жагынан салым кошо алат.

Изденүүчү 2005-жылдан билим берүү системасында, тактап айтканда Ош мамлекеттик юридикалык институттан баштап, бүгүнкү күнгө чейин Ош

мамлекеттик университетинин юридика факультетинде “нотариат” предметинен сабак берген улук окутуучу катары эмгектенип, нотариат системасындагы көйгөйлөрдү ичинен таанып-билип, топтогон тажрыйбасы илим жаатында өз алдынча иштөөгө, нотариат өндүрүшүнүн көйгөйлөрүнө сын көз-караш менен кароого жана аналитикалык мамиле жасоо жөндөмдүүлүгүнө чоң өбөлгө боло алды. Анын изилдөө ишинде коюлган маселелерге талдоо жүргүзүүгө, студенттерге жеке нотариустар менен мамлекеттик нотариустун катышуусунда конок лекцияларды уюштуруп, жеке нотариустар арасында сурамжылоо иштерин уюштуруп, жүргүзүлгөн иш-аракеттерине болгон ой-пикирлерин билип, берген сунуштарын илимий ишинде чагылдырган. Студенттердин нотариат системасында конституциялык негиздерин ишке ашыруу боюнча окуу-методикалык колдонмо жана окуу китебин жазып, анын негизинде ачык сабактарды, тренингдерди өтүп жүргөндүгү, изденүүчүнүн изилдөө ишине болгон кызыгуусунун жана жоопкерчилигинин көрсөткүчү боло алат. Изденүүчү нотариат жаатындагы бир катар көйгөйлүү маселелерди чагылдырган көптөгөн макалалардын автору.

Изденүүчүнүн нотариат системасы боюнча түшүнүгү терең, тажрыйбасы бар болгондугунан улам анын Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын нотариат жөнүндөгү мыйзамды, Кыргыз Республикасынын нотариустары тарабынан нотариалдык иш-аракеттерди жасоонун тартиби жөнүндө нускаманы, Кыргыз Республикасынын нотариалдык иш маселелери жөнүндө министрлер Кабинетинин токтомдору менен нускамаларын колдонуп, талдоого алгандыгын өзгөчө белгилей кетүү керек.

Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы мыйзам тартибинде каралган ачык жана коммерциялык эмес мүнөздөгү нотариалдык ишмердиктеги жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана кызыкчылыктарын түздөн-түз коргоону жүзөгө ашырууда ата-мекендик нотариаттын негизин түзгөн нотариустун укуктук макамын аныктоочу жоболор жана аныктамалар диссертацияда орун алгандыгы менен негизделет. Ошондой эле бир гана нотариус, соттук, материалдык, уюштурууучулук кепилдиктери менен

камсыздалган ага берилген мыйзамдуу укуктардын негизинде жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча жалпы ишмердигин туура нукта жүзөгө ашыруу, өз милдетин аткарууда жоопкерчилик алуу, толук нотариалдык коргоону жогору балоодо позитивдүү коомдук пикирди түзө алат.

2023-жылы кабыл алынган нотариат жөнүндө КРнын мыйзамы бүгүнкү күнгө чейин экономикалык өзгөрүүлөр жана реформаларды өткөрүүдө бир нече толуктоолорго жана өзгөртүүлөргө дуушар болгондугу, мындай көрүнүш мыйзам чыгаруу ишмердигинде каталарды жана кемчилдиктерди эске алуу менен жаңы мыйзам долбоорлорун кабыл алуунун актуалдуулугун далилдеп тураары талашсыз.

Мамлекеттик жана жеке нотариустардын ыйгарым укуктарынын жана башка жарандык юрисдикциясынын катышуучулардын ыйгарым укуктары менен чектөөсүнүн көйгөйлөрү илимий чөйрөдө талаш пикир жаратып укук колдонуу ишмердигинде бир топ кыйынчылыктарды пайда кылып, соттук жана нотариалдык ишмердигин жөнгө салган маселелер боюнча изилдөөгө алган бир топ окумуштуулардын басылмаларында чагылдырылган. Ушундан улам биздин өлкөбүздөгү нотариустун укуктук макамынын мазмунун жана өзгөчөлүктөрүн камтыган жоболорду иштеп чыгуу, улуттук мыйзамдын жана нотариаттын өнүгүүсүнө шарт түзүлөөрү албетте негиздүү. Айтылган бул көйгөйлөрдү чечүү чоң теориялык жана практикалык мааниге ээ.

Бул изилденүүчү тема бүгүнкү күнгө чейин жалпы теориялык планда изилдөөнүн предмети болгон эмес, ошондой эле нотариустун укуктук макамын талдоонун негизинде нотариустун милдеттерин жана жоопкерчиликтерин, укуктарын жүзөгө ашырууда укуктук жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү баса белгиленип, бул изилдөө биринчи жолу болууда.

Изилдөөнүн максаты нотариат ишмердигин заманбап уюштуруунун коомдук-укуктук негиздерин өркүндөтүүгө багытталган жана нотариустардын укуктары, милдеттери менен жоопкерчилигин камтыган илимий жоболорду иштеп чыгуу болуп саналат.

Жетиштүү түрдө темага байланышкан материалдарга талдоо жүргүзүлгөн

жана изилдөөнүн илимий натыйжаларынын жогорку аргументтүүлүгү камсыз кылынган.

Изденүүчүнүн жүргүзгөн изилдөөсү автор катары илимий анализдин методдорун жетиштүү деңгээлде билгендиги, бул тема боюнча терең илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жетиштүү деңгээлде даярдыгынын бар экендигин далилдейт.

Диссертациялык изилдөө өз максатына жетти.

Изденүүчүнүн алдына коюлган маселелер тиешелүү деңгээлге чечилди.

Автордун жарыяланган эмгектери жана алардын саны талаптарга толук жооп беришет.

Диссертациянын мазмуну 12.00.02 - конституциялык укук, муниципалдык укук адистигине дал келет.

Жогорудагыларды эске алып, «Кыргыз Республикасындагы нотариустун укуктук макамы» аттуу темадагы диссертация «Окумуштуу даражаларды берүү тартиби жөнүндөгү» Жобонун 8- жана 10- пункттарынын талаптарына толук жооп берет жана 12.00.02 - конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн коргоодо колдоого ээ болот дем эсептейм.

Изденүүчү Оморова Гүлзат Сатыбалдыевна 12.00.02 - конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты болууга татыктуу.

**Илимий жетекчиси,**
**Кыргыз Республикасынын Президентине**
**караштуу Стратегиялык изилдөөлөр улуттук**
**институтунун илимий кызматкери,**
**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген**
**юристи, юридика илимдеринин доктору,**
**профессор** **А.А. Арабаев**

Арабаев Автандил Анисовичтин колун тастыктайм.

------------------------------------------------------------